**Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университети**

**Нарын шаарындагы Гуманитардык табигый-илимдер факультетинин орто кесиптик билим берүү бөлүмү**

**050709 "Башталгыч класстарды окутуу" орто кесиптик билим берүү программасын аккредитациялоо боюнча эксперттик комиссиянын отчету**

**Төрайым:** Колу — Асанкулова Мазира Көчөровна, Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети, ага окутуучу, п.и.к.

**Референт:** Колу — Чолпонбаева Назгул Шалтаковна, ББПУАА, кесиптик билим берүү боюнча менеджер.

**Комиссия мүчөсү:** Колу — Калыгулова Назира Уркалыевна, Профессор И.Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжи, мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары.

04.03.2025 ж. - 05.03.2025 ж.

# БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ (ББПУАА)

## Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин Нарын шаарындагы Гуманитардык табигый- илимдер факультетинин 050709 “Башталгыч класстарда окутуу” орто кесиптик билим берүү программасын тышкы баалоо боюнча алдын ала жыйынтыктары:

### 1 – Стандарт. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү

**Алсыз жактары:**

1. «Башталгыч класстарда окутуу» программасы боюнча негизги кесиптик билим берүү программасы толуктоону талап кылат. Кызыкдар тараптардын суроо талаптарын эске алуу менен түзүлгөн максаттары так аныкталган эмес.
2. Окуу процессин жакшыртуу, студенттердин жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, муктаждыктарын жана канааттануусун баалоо үчүн мониторинг жүргүзүү процесси жөнгө салынган эмес.
3. Кошумча курстар, факультативдер, кружоктор студенттердин муктаждыктары менен аныкталган эмес жана жетишсиз жүргүзүлөт.
4. Атайын дисциплиналардын мазмунун калыптандыруу үчүн эмгек рыногунун өкүлдөрүн тартуу жетишээрлик деңгээлде жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштамалар:**

1. 01.09.2025-жылга чейин негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттары так аныкталып, толукталып иштелип чыксын.
2. Жыл сайын окуу процессин жакшыртуу, студенттердин жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, муктаждыктарын жана канааттануусун баалоо үчүн комплекстүү мониторинг жүргүзүлсүн жана жыйынтыктары ишке киргизилсин.
3. 01.09.2025-жылга чейин студенттердин муктаждыктарын аныктоо менен кошумча курстар, факультативдер уюштурулсун (англис тили жана информатика).
4. 01.09.2025-жылга чейин. окуу пландарын талкуулоо жана атайын дисциплиналардын мазмунун аныктоо үчүн социалдык өнөктөштөрдүн катышуусу менен биргелешкен иш-чаралар уюштурулсун жана берилген сунуштамалар ишке киргизилсин.

**1- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

## 2 - Стандарт. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу.

**Алсыз жактары:**

1. 050709 "Башталыгч касстарда окутуу" программасы боюнча үгүттөө процессине инновациялык ыкмаларды колдонуунун жетишсиздиги.

**Сунуштамалар:**

1. 050709 "Башталыгч касстарда окутуу" программасы боюнча кесипке багыт берүүчү кеңири иш-чараларды жүргүзүү, анын ичинде социалдык тармактардагы расмий баракчаны жана массалык маалымат каражаттарын колдонуу аркылуу студенттерди үгүттөө иштерин жакшыртуу процессинин стратегиясын иштеп чыгуу.

**2 - Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат**

## 3 - Стандарт. Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо

**Алсыз жактары:**

1. Окутуу ыкмаларын, билим берүү формаларын жана технологияларын баалоо жана тууралоо (корректировка) үчүн студенттердин пикирлерине мониторинг жүргузүү жетишсиз.
2. Колледжде студенттер арасында академиялык мобилдүүлүк толук уюштуруган эмес.

**Сунуштамалар:**

1. Окутуу ыкмаларын, билим берүү формаларын жана технологияларын баалоо жана тууралоо (корректировка) үчүн студенттердин пикирлерин эске алуу менен системалуу түрдө мониторинг жүргүзүлсүн.
2. 01.09.2025-жылга чейин студенттер арасында академиялык мобилдүүлүк пландаштырылсын жана ишке киргизилсин.

**3 - Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

## 4 - Стандарт. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал

**Күчтүү жактары:**

1. “Таалим-Форум” коомдук фонду тарабынан жана колледждин мугалими Ашымов Эркинбек Ашымовичтин демилгеси менен, Педагогика адистигинин студенттерине ылайык азыркы методикалык талаптарга жооп берген китептер менен толукталышы.
2. “Шанс” билим берүү борбору жана Кыргыз Республикасындагы “Алаш” казактардын бириккен уюму тарабынан Педагогика жана психология боюнча окуу китептери менен камсыз болушу.

**Алсыз жактары:**

1. Колледжде методикалык окуу куралдарын, көрсөтмөлөрүн иштеп чыгуу боюнча пландаштырылган иш чаралар толук кандуу жүргүзүлгөн эмес.
2. Педагогика адистиги боюнча окутуунун жаңы технологиялары жана ыкмалары жетишээрлик деңгээлде колдонулбайт.

**Сунуштамалар:**

1. 01.09.2025-ж. чейин кесиптик дисциплиналар боюнча окуу-методикалык куралдарын расмий жана мамлекеттик тилде басып чыгаруу планы иштелип чыксын жана ишке киргизилсин.
2. Педагогика адистигиндеги мугалимдер STEM, CLIL, PISA технологияларын жана ыкмаларын практикалык сабактарда кеңири колдонуу сунушталат.

**4- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

## 5 - Стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар

**Алсыз жактары:**

1. Колледжде окуу процессин жакшыртуу максатында кабинеттер заманбап жабдуулар менен толуктоону талап кылат.
2. Колледждин сайтында орто кесиптик билим берүү программаларынын ишмердүүлүгү боюнча бардык талап кылынган маалыматтар жетишсиз жайгаштырылган.

**Сунуштамалар:**

1. Колледжде окуу кабинеттери эки жылдын ичинде заманбап жабдуулар менен толукталсын.
2. Сайт.2025-ж. 01.09 чейин мамлекеттик жана расмий тилдерде кесиптик орто билим берүүнүн ишмердүүлүгү боюнча жетишпеген маалыматтар менен толукталсын жана аны мезгил-мезгили менен актуалдаштырууну камсыз кылсын.

**5- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

СТАНДАРТТАРДЫН АТКАРЫЛЫШЫН БААЛОО

1- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
2- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
3- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
4- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
5- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат

**Аккредитациялык чечимдин долбоору**

**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Нарын шаарындагы Гуманитардык табигый-илимдер факультетинин 050709 "Башталгыч класстарда окутуу" орто кесиптик программасын**

**5 жылга аккредитациялоону сунуштайт**

**05.03.2025-ж.**